Кырг
Б18

СУБАЙЫЛДА БАЙМОҢОЛОВА



Жүрөктөн чыккан сырлар

Ырлар жыйнагы









Баймоңолова Субайылда Тянь-Шань районунун Миң Булак айылында 1947-жылы колхозчунун үй бүлөөсүндө төрөлгөн. Жаш кезинде ата-энесинен эрте ажырап, өз киндигин өзү кескен.

Турмуштун татаал күндөрүн баштан кечирип, тагдырдын оор сыноолорун көргөн. 1953-1963 жылы Миң Булак орто мектебин окуп бүтүргөн. Билими орто. Тилекке каршы жогорку окуу жайына тапшыра албай калган. Окууну бүткөн соң улуу турмуш жолуна аттанып, жолдошу Исмаилов Дүйшөккө баш кошкон. Азыкы тапта 5 баланын, 16 небере, 6 чөбөрөнүн кучагында жүргөн кези.

Нарын облустук
китепканасы
№ 60364 сбо

БИРИНЧИ БӨЛҮМ
ЭНЕ-АТА, БАЛДАР, ЖОЛДОШУМ ЖӨНҮНДӨ

АТАМДЫ ЭСКЕРҮҮ

Атакем дайым эсимде,
Эркелеген кезимде.
Бактылуу кыз болчумун,
Бай болуп дайым сезимге.

Бүгүн жоксун билемин,
Жоктойт сени жүрөгүм.
Бейиши болсо экен деп,
Ошондо менин тилегим.

Куу турмуш кээде кыстаса,
Жүрөгүм жаман сыздады.
Түшүнбөй менин оюмду,
Убакыт кээде туздады.

Элестетип мүнөзүн,
Эстеймин дайым атамды.
Балдарым келсе эркелеп,
Ачуучу болду капамды.

ТҮГӨЙҮМӨ

Аралаш болуп ишинде,
Дайыма болот түшүмдө.
Сагынып сени жүргөндө,
Кумар от болот күчүндө.

Бир жашай албай карганда,
Алганым отуу арманда.
Аргасыз калат экенсин,
Шум ажал кылтак салганда.

Балдардын баарын чоңойтуп,
Чай иче турган кезинде.
Кудайдын болуп буйругу,
Тизменин болду ичинде.

Олтурам ойлоп күн-түнү,
Жашоодо болуп үмүтүм
Бир жашай албай кылыпмын.
Ошондо менин күйүтүм.

Ичиме толгон муң кайгы,
Арылбайт окшойт турбайбы.
Бир болгон күлкү элести ,
Тартамын дайым муң кайгы.

Айланам кээде караңгы,
Кандай кылам айламды.

Олтурам жалгыз ойлонуп,
Айтамын кимге арманды.

Күмбөзүңдү карасам,
Көрүнбөдүң көзүмө.
Бейишти берсин кудайым,
Түгөйүм сенин эсимде.

Жалдырап жалгыз олтурам,
Жүрөккө санаа толтурам.
Элесинди элестеп,
Көзүмө жашты толтурам.

Түшүмдө сага жанашам,
Бук болуп күйүп баратам.
Көзүмдүн жашын аябай,
Бугумду ыйлап таратам.

Балдарым турса жанымда,
Окшобойт бирок өзүнө.
Тамаша кылып сөз айтсаң,
Жыргачу эле сезимге.

Өзүңдү жоктоп ыйладым,
Жанымды анда кыйнадым.
Артындан сага бара албай,
Жашоонун күчүн кыйбадым.

АРБАГЫҢА ТААЗИМ

Өмүрлүк жарым кандайсың,
Кол жетпейт мүмкүн жайдасың.
Түбөлүк бирге болуунун,
Табалбай койдук айласын.

Акырет деген айылдын,
Тизмесине алындын.
Жашоонун жолун улантып,
Сүрөтүнө жалындым.

Эстеймин кара мүнөттү,
Өзүнсүз далай күн өттү.
Сагынган күнү өзүндү,
Караймын тушкөн сүрөттү.



ТҮГӨЙҮМӨ

Сезимге бирге барчу элек,
Сыйлашуу сабак алчу элек.
Катуу сөз уксам өзүндөн,
Унчугушпай калчу элек.

Акылды сенден алчу элем,
Кумар болуп калчу элем.
Келечек жолун сүйлөшсөк,
От болуп күйүп жанчы элем.

Эркелетип өзүндү,
Тиктечу элем көзүндү.
Келечек жолун көп ойлоп,
Угуучу элең сөзүмдү.

Коштошпой кетип түбөлүк,
Жаныма салдың өкүнүч.
Күнөөсү болсо кечир деп,
Алладан кылам өтүнүч.

НЕБЕРЕМЕ

Кичинекей неберем,
Караан тутам өзүндү.
Бир туугандык ой менен,
Уксам дейм таттуу сөзүндү.

Окуу жактан талбагын,
Убакытты кармагын.
Өтүп кетсе убакыт,
Арман кылып калбагын.

Теңирим өзү жар болуп,
Ак жолуңду оңдосун.
Кудайым берип батасын,
Жараткан өзү колдосун.

Тентек жансың эселек,
Ойнок кезиң кете элек.
Чоңойгондо сен мени,
Жүрсөн болду жетелеп.

ГҮЛНУРАГА

Урматтуу сиңдим ардагым,
Билимдин жолун кармагын.
Элиңе кылып кызматты,
Эмгектен такыр талбагын.

Өзүндү сүйөт жүрөгүм,
Сагынып сени жүрөмүн.
Бактылуу болсо экен деп,
Ошондо менин тилегим.

Жашоонун жолу табышмак,
Жолуңду танда калыстап.
Жанымда болуп жанаша,
Жүрбөгүн менден алыстап.

Жакшы ойду күткүн эртелеп,
Кемчилик өзү эптелет.
Адамды баалап дайыма,
Сый менен жүргүн эркелеп.

БАЛАМА

Берилип балам өзүнө,
Көнөмүн айткан сөзүнө.
Карыганда жанды кейитпей,
Таяныч болчу өзүмө.

Турмушту көргүн салмактап,
Жашагын аны ардактап.
Жашоонун жолун түшүнбөй,
Жүрбөсөң экен дардактап.

Жалкоолук жана кетпегин,
Өткөндү жакшы эстегин.
Турмушта болсо кемтигин,
Чыдамдуу болгун өчпөгүн.

Бакытты тилеп кудайдан,
Мен ошону сурагам.
Келечегин кең болсо,
Мен ошого кубанам.

ИНИМ КАРГАНБЕККЕ

Узун болсо өмүрүң,
Чөкпөсө экен көңүлүң.
Кудайым берип батасын,
Болсо экен ачык көңүлүң.

Кулак сал иним сөзүмө,
Жакшылык каалайм өзүңө.
Көңүлүңдү бура жүр,
Улуу адам айткан сөзүнө.

Ак бата берем өзүнө,
Кулак сал иним сөзүмө.
Тартиптүү бала болот деп,
Ишенем сенин сөзүнө.

Үзүрлүү болуп өмүрүң,
Көтөрүлсүн көңүлүң.
Эл уулу болуп иштесең,
Көтөрүлөт көңүлүм.

КЫЗЫМ САМАРАГА

Турмуштун сезбей капасын,
Татына өсүп жатасың.
Үзүрлүү иштеп эмгекти,
Элиндин алгын батасын.

Билимди бергин жаштарга,
Агартуу ишиң ардактуу.
Кесипти сүйүп иштесең,
Эмгегиң болот салмактуу.

Балдарың жашоо чырагың,
Жолдошуң жанда ынагың.
Кемчилик болсо жашоодо,
Женилдик кылбай чыдагың.

Балдарга азыр апасың,
Кудайым берсин батасын.
Апалап турса балдарың,
Жыргалга анан батасың.

Апандын сенсиз чүрөгү,
Өзүндү сүйөт жүрөгү.
Кудайдан бакыт сураган,
Апаңдын ошол тилеги.

ИНИМ КАРГАНБЕККЕ

Узун болсо өмүрүң,
Чөкпөсө экен көңүлүң.
Кудайым берип батасын,
Болсо экен ачык көңүлүң.

Кулак сал иним сөзүмө,
Жакшылык каалайм өзүңө.
Көңүлүңдү бура жүр,
Улуу адам айткан сөзүнө.

Ак бата берем өзүнө,
Кулак сал иним сөзүмө.
Тартиптүү бала болот деп,
Ишенем сенин сөзүнө.

Үзүрлүү болуп өмүрүң,
Көтөрүлсүн көңүлүң.
Эл уулу болуп иштесең,
Көтөрүлөт көңүлүм.

КЫЗЫМ САМАРАГА

Турмуштун сезбей капасын,
Татына өсүп жатасың.
Үзүрлүү иштеп эмгекти,
Элиндин алгын батасын.

Билимди бергин жаштарга,
Агартуу ишиң ардактуу.
Кесипти сүйүп иштесең,
Эмгегиң болот салмактуу.

Балдарың жашоо чырагың,
Жолдошуң жанда ынагың.
Кемчилик болсо жашоодо,
Женилдик кылбай чыдагың.

Балдарга азыр апасың,
Кудайым берсин батасын.
Апалап турса балдарың,
Жыргалга анан батасың.

Апандын сенсиз чүрөгү,
Өзүндү сүйөт жүрөгү.
Кудайдан бакыт сураган,
Апаңдын ошол тилеги.

МЕДИНАГА

Айланайын Медина,
Турмуш жолун тандадың.
Ар кандай болот турмушта,
Сабырдуулук менен кармагын.

Ушак сөздөн алыс бол,
Баардык сөзгө калыс бол.
Күйөөң болсо кападар,
Таарынычтан алыс бол.



НЕБЕРЕЛЕР

Өстүрдүм бала ардактап,
Жашоону сезчи салмактап.
Обу жок кээ бир мүнөзүң,
Кетесин өтө дардактап.

Сынагын бала өзүңдү,
Ойлонуп сүйлө сөзүңдү.
Тескери ишти карабай,
Ардактап сакта сезимди.

Жаштыктын оту өрт болот,
Жамандын сөзү корс болот.
Акылы жок адамдын,
Сүйлөгөн сөзү терс болот.

Кезигет бир күн балага,
Керт башын салып санаага,
Жашоодо жолдон адашкан,
Калтырат турмуш талаага.

Укканда жаман сөзүңдү,
Оорулуу сездим өзүмдү.
Суу сепкендей өчүрдүң,
Өзүнө болчу сезимди.

Кысылып ооруп жүрөгүм,
Нааразы болуп жүрөмүн.
Өзүндөн тетир сөз угуп,
Жашоодон катуу жүдөдүм.

Сүйө албай эне ардактап,
Небере өстү дардактап.
Ойлонуп көрсө демекмин,
Адилет кишини салмактап.

Кадырга балаң жете элек,
Чоңойду бирок секелек.
Көрсөткөн кээ бир кылыгы,
Эсимден такыр кете элек.

Жашоонун жолун биле элек,
Акылдуу жолго кире элек.
Үй булө сүйүп ардактап,
Ынтымак жолдо жүрө элек.

Түзөтө албай турмушун,
Аялды алып кетирдиң.
Колунда калды бир бала,
Убалы кимге жетимдин.

Өткөндү көргүн салмактап,
Баланы күткүн ардактап.
Аялды сыйлоо жактарды,
Түшүнгөн жоксун дардактап.

Ал өсөт кимге эркелеп,
Жүрөсүң билбей темселеп.
Ал чоңоюп өскөндө,
Кекетсе экен желкелеп.

Эмне деп айтаар экенсиң,
Күнөөңдү байкаар бекенсиң.
Баладан катуу сөз угуп,
Уялып калаар бекенсиң.

Акыл айтчы өзүмө,
Карап турам көзүңө.
Жүрөгүмдү оорутуп,
Ишенбей калдым сөзүңө.

ТИЛЕК КЫЛАМ

Карылык деген өмүрдү,
Аргасыз болом алганча.
Ыймандуу өсүп балдарым,
Сыйласа экен карыганда.

Түнөргөн жайдын кечиндей,
Жаш кез өттү сезилбей.
Убайым салса балдарым,
Бозоруп калам жетишпей.


Улгайып жашым калганда,
70 жашка барганда.
Балдарга чеки сөз үчүн,
Калбасак экен арманда.



МЕН КЫРГЫЗДЫН БАЛАСЫ

Түркүн гүлдүү талаасы,
Жерим кооз карачы.
Тенир Тоодо төрөлгөн,
Мен кыргыздын баласы.

Көркөмү көздү уялткан,
Жери сонун кыргыздын.
Бал кымыз жасап апалар,
Таттуусун берет турмуштун.



КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Эркелеп осуп ойногон,
Көркүнө көңүл тойбогон.
Жеримдин көркү эң сонун,
Аскада аркар ойногон.

Көрк кошуп кыргыз жериме,
Кут кирсе экен элиме.
Балдары өсүп ыймандуу,
Дан толсо экен жериме.

Сүлөөсүн, түлкү жойлогон,
Тоосунда кийик ойногон.
Өзгөчө көрктүү жерим бар,
Көргөндүн көзү тойбогон.

Көк тиреген зоолору,
Бактысын ачат кыргыздын.
Жүргөнсүп сезем өзүмдү,
Арасында жылдыздын.

ЭРТЕНКИ КҮНДҮ КҮТӨМҮН

Турмуштун жолу такалап,
Карылык келди жакалап.
Жаш кезде өткөн күндөрдө,
Канткенде адам ката алат.

Карыгым келбейт эртелеп,
Турмушка жүрөм эркелеп.
Эртенки кунду ойлонуп,
Кун сайын күтөм энтелеп.



ТУРМУШ, ӨМҮР, ЭҢСӨӨ, ӨКҮНҮҮ ЖӨНҮНДӨ
1-ТЕМА

МЕЗГИЛДЕР ТУРАТ АЛМАШЫП

Карыганда кармап дептерди,
Ыр жаза турган кез келди.
Өткөндү эстеп башынан,
Жаш кезек бүгүн эстелди.

Мезгилдер бачым алмашып,
Карылык келди жармашып.
Сезимге ошол баш ийбей,
Жаштык кез кетти алмашып.



КУРБУЛАР

Жашоодон жаштык кез өтүп,
Көп күндөр калган арманда.
Сыйлашышып жүрөлү,
Аз өмүр бизден калганда.

Жалындуу өскөн күндөрүм,
Турат менин эсимде.
Журолучу жолдоштор,
Жаман ойду санабай.

СЕЗИМДИН БАГЫН АРАЛАП

Сүйүүнү койбо каралап,
Жүрөктү койбо жаралап.
Кол кармашып жүрөлүк,
Сезимдин багын аралап.

Өйдө-ылдый ишке карабай,
Сезимди арна аябай.
Оорутуп койбо өзүмдү,
Жүрөккө түшкөн жарадай.

КУТ КОНСУН КЫРГЫЗ ЖЕРИМЕ

Тынчтыкта жашоо тилегим,
Ынтымак калап жүрөмүн.
Бейкуттук болсо жеримде,
Жыргал деп аны билемин.

Тилегим кыргыз элиме,
Кут консун кыргыз жериме.
Элимдин пейли тынч болуп,
Бай болсун жерим кениңе.

Мезгилдер күн сайын агып барат,
Жаш десек ар күн сайын карып барат.
Азгырып пайдаланган өмүрүңдү,
Жалынды жүрөгүмө жагып барат.



ЖАШТЫГЫМДЫ ЭСТЕСЕМ

Күндө көрсөм күндө жок,
Айда күтсөм айда жок.
Сагынып сени эстесем,
Жүрөгүм болот жалын чок.

Жаштыгым сени эстесем,
Туталанып каламын.
Улгайуу деген айылга,
Кыйналычта каламын.



УЛГАЙУУГА ӨКҮНҮҮ

Убакыт өтөт билинбей,
Балдарын турса апалап.
Билинбей келип калыптыр,
Карылык деген жакалап.

Жаш кезек өттү майышып,
Карылык келди кайышып.
Өткөндү бүгүн эстесем,
Эт жүрөк кетет сайышып.

«Айтчы сен кимди эстейсин», –
Эсимден такыр кетпейсин.
Сезимдин отун сезбейсин,
Ойлонуп жообун таппадым.

Айтчы сен кимди эстейсин?
Сезимдин оту агылат.
Жаштыктык жүрөк сагынат,
Билгизип жаштык өткөнүн.

Кайрадан ойлор жаныpат,
Жаш кезек өзү жалын да.
Куч-кубат болот канында,
Сен турсаң менин жанымда.

Жүрөктү салат жалынга,
Өтүүдө жаштык убагым.
Улгайып барат курагым,
Ынтымак болсо элде деп.
Кудайдан тилеп турамын.

БИРӨӨГӨ

Жашоонун сырын биле албай,
Жанымда болуп жүрө албай.
Убакыт өттү закымдап,
Токтой тур десе тил албай.

Айта албай ичте сезимди,
Өрт болуп күйөөр кезимби.
Ичимде турат бук болуп,
Түшүнчү айтаар сөзүмдү.



БИРООГО АРНОО ЫРЫ

Көргүм келет өзүңдү,
Уккум келет сөзүңдү.
Жүрөктө сактап жүрөмүн,
Сүйөмүн деген сөзүңдү.

Улгайып калган убагым,
Убайым тарткан курагым.
Дайыма жүрөк сагынат,
Жаштыктын таттуу убагын.

Көрбөй калсам сагынам,
Атынды эстеп камыгам.
Узак өмүр жаш бер деп,
Кудайдан тилеп, жалынам.

Далай ыр калды жазылбай,
Далай сыр калды ачылбай.
Кез-кезек жүрөк элирет,
Жаштыктын эрте жазындай..

ӨТКӨНДҮ ЖАКШЫ ЭСТЕГЕН

Санаалар жаман четтеген,
Өткөндү жакшы эстеген.
Ал күндөр турат сезимде,
Убакыт өтсө өчпөгөн.

Жашоодо болсо жаңылыш,
Болбойт го ага таарыныч.
Турмуштун жолу өтсө да,
Жүрөктө калат сагыныч.

Түнөргөн жайдын кезиндей,
Убакыт өттү сезилбей.
Жүрөктө болгон ойлорум,
Калбаса экен чечилбей.



ӨКҮНҮЧ

Кыскарат өмүр күн сайын,
Жашоонун суусу тамчылап.
Эркиңе койбой адамды,
Шаштырат мезгил камчылап.

Ойлонуп көпкө олтурам,
Жүрөккө ойду толтурам.
Жаштыкты ойлоп күнү-түн,
Көзүмө жашты толтурам.

Аргасыз көнөт адамзат,
Мезгилдин берген катына.
Алладан тилейм дайыма,
Өссө дейм балдар татына.



ТЕЛЕФОН ЧАЛЧЫ

Караган сайын көзүңдү,
Ынгайсыз сезем өзүмдү.
Жүрөккө жүрөк жанашып,
Өрт болуп күйөөр кезимби.

Кошкунун эми жаш кезек,
Өттүң го эми өтө тез.
Убакты туура баалабай,
Түшүндүм окшойт өтө кеч.

Сезимде болгон кезимде,
Сагыныч салчы сезимге.
Түнкүсүн түштө көрөйүн,
Телефон чалчы кечинде.



ЖАШТЫКТЫН ДАЙЫНЫН ТАБА АЛБАЙ

Карыгым келбейт эртелеп,
Турмушта жүрөм эркелеп.
Кийинки болчу күндөрдү,
Күн сайын күтөм энтелеп.

Карылык сага бара албай,
Жаштыкты жүрөм тана албай.
Кыйналып жүрөм жашоодо,
Сүйүүнүн даамын таба албай.

БОЛБОСТУР МЕНИН АРМАНЫМ

Далай ыр калды жазылбай,
Далай сыр калды ачылбай.
Улгайтып жашоо мезгилди,
Карылык турчу кайылбай.

Өзүнсүн менин ардагым,
Жаштыкты келет кармагым.
Сезим от болсо өзүндө,
Болбостур менин арманым.

УКСАМ ДЕЙМ ТАТТУУ СӨЗҮҢДҮ

Арадан өтсө бир топ күн,
Сагынат менин жүрөгүм.
Сагынып сени көрө албай,
Кайгыдан ооруп жүрөмүн.

Өзүңдө менин тилегим,
Өзүн деп согот жүрөгүм.
Ойлонуп айтчы чыныңды,
Канткенде аны билемин.

Тиктесем сенин көзүңдү,
Бактылуу сезем өзүмдү.
Дайыма болуп жанымда,
Уксам дейм таттуу сөзүңдү.

Өттү го жаштык убагым,
Улгайып барат курагым.
Ынтымак болсо элде деп,
Кудайдан тилеп турамын.

ЖАШТЫКТЫН ДАЙЫНЫН ТАБА АЛБАЙ

Карыгым келбейт эртелеп,
Турмушта жүрөм эркелеп.
Кийинки болчу күндөрдү,
Күн сайын күтөм энтелеп.

Карылык сага бара албай,
Жаштыкты жүрөм тана албай.
Кыйналып жүрөм жашоодо,
Сүйүүнүн даамын таба албай.

БОЛБОСТУР МЕНИН АРМАНЫМ

Далай ыр калды жазылбай,
Далай сыр калды ачылбай.
Улгайтып жашоо мезгилди,
Карылык турчу кайылбай.

Өзүнсүн менин ардагым,
Жаштыкты келет кармагым.
Сезим от болсо өзүндө,
Болбостур менин арманым.

ЖАШТЫКТЫН ДАЙЫНЫН ТАБА АЛБАЙ

Карыгым келбейт эртелеп,
Турмушта жүрөм эркелеп.
Кийинки болчу күндөрдү,
Күн сайын күтөм энтелеп.

Карылык сага бара албай,
Жаштыкты жүрөм тана албай.
Кыйналып жүрөм жашоодо,
Сүйүүнүн даамын таба албай.

БОЛБОСТУР МЕНИН АРМАНЫМ

Далай ыр калды жазылбай,
Далай сыр калды ачылбай.
Улгайтып жашоо мезгилди,
Карылык турчу кайылбай.

Өзүнсүн менин ардагым,
Жаштыкты келет кармагым.
Сезим от болсо өзүндө,
Болбостур менин арманым.

УКСАМ ДЕЙМ ТАТТУУ СӨЗҮҢДҮ

Арадан өтсө бир топ күн,
Сагынат менин жүрөгүм.
Сагынып сени көрө албай,
Кайгыдан ооруп жүрөмүн.

Өзүңдө менин тилегим,
Өзүн деп согот жүрөгүм.
Ойлонуп айтчы чыныңды,
Канткенде аны билемин.

Тиктесем сенин көзүңдү,
Бактылуу сезем өзүмдү.
Дайыма болуп жанымда,
Уксам дейм таттуу сөзүңдү.

Өттү го жаштык убагым,
Улгайып барат курагым.
Ынтымак болсо элде деп,
Кудайдан тилеп турамын.

КАЛБАСАК ЭКЕН ӨКҮНҮП

Түнөргөн жайдын кезинде,
Жаш кезек өттү сезилбей.
Убайым салса балдарым,
Бозоруп калам жетимдей.

Улгайып жашым калганда.
Карылык жашка барганда,
Балдардан чиеки сөз угуп.
Калбасам экен арманда.

АРДАГЫМ

Өзүңсүн менин ардагым,
Жакшылык сага арнадым.
Түбөлүк болуп сыйласаң,
Болбостур менин арманым.

Жанымда турсаң жарк этип,
Күн чыккандай сезилет.
Жүрөктүн отун эритип,
Жашоомдун көркү сезилет.

ТУРМУШТА СУУГА АГЫЛЫП

Турмуш менен кармашып,
Жүрөмүн далай кыр ашып.
Жашоонун жолун кеңешип,
Барамын кимге сырдашып.

Турмушта сууга агылып,
Калыпмын сизге кабылып.
Ойлогон оюм сен болдуң,
Саргайдым сени сагынып.

Жалындуу таттуу сезимге,
Кабылдым жаштык кезимде.
Алаксытам өзүмдү,
Каниет кылам сөзүмдү.

Сүйүү отуна кабылып,
Күйбөсөм экен жаңылып,
Көрбөй калсам бир күнү,
Турамын сизди сагынып.

ЫНТЫМАК ТИЛЕЙМ

Жамандык башка түшкөндө,
Башымды жөлөөр кишим жок.
Башкага кантип айтамын,
Балдарымдын иши жок.

Төртөөң жүрсөң төрт бөлөк,
Жүрөгүм менин өрттөнөт.
Бириге албай жүрсөңөр,
Ынтымакка ким келет.

УБАЙГА БАТЫП БАРАТАМ

Оюмда дайым жанашам,
Уктабай далай таң атам.
Ойлонуп сизди күнү-түн,
Убайга батып баратам.

Турмуштун катаал сабында,
Болсом дейм сенин жанында.
Өлчөмүн мезгил узартып,
Саламын ойду жалынга.

Телефон чалсам албайсың,
Сүйкүмүң менен арбайсың.
Түшүнбөй жанды кыйнаган,
Оюнду айтчы кандайсың?

АЛЫС ЖОЛ

Бирге болгон күндөрү,
Калуучу элек жанашып.
Көңүлүм сени сагынат,
Кетпечи жаным адашып.

Сагынуу жүрөк тереңдеп,
Айтсанчы бир күн келем деп.
Алыскы жолуң курусун,
Караймын жолду элеңдеп.

Көп эмес алыс турагың,
Кабарын кээде угамын.
Унута албай өзүндү,
Кусадар болгон убагым.

Издесем сени табамбы.
Кабарыңды аламбы,
Жүрөктөн чыккан жалындуу,
Жиберем ысык саламды.

СҮЙҮҮНҮ САЛБА ЖАЛЫНГА

Жашоодо көрөм калганын,
Өзүңсүн менин ардагым.
Бир болуп бирге өткөрсөк,
Турмуштун башка салганын.

Ойлочу жаным өзүңдү,
Караймын сенин көзүңдү.
Көңүлгө тутам дайыма,
Сүйөмүн деген сөзүңдү.

Узун болсун өмүрүң,
Чокпосо экен көңүлүң.
Жанаша жүрсөм жанында,
Ачык бир болот көңүлүм.

Түшүнө албай турамын,
Улгайып калды курагым.
Тагдырдын татаал жолуна,
Өзүн деп жүргөн убагым.

Караймын сенин көзүңдү,
Айталбайм ачык сөзүмдү.
Түшүнсөн экен ардагым,
Жүрөктө жүргөн сезимди.

Турмушта болсо жанылыч,
Келтирбе ага таарыныч.
Сезимдин күчүн сезели,
Жашоодон алып сагыныч.

Узун болсун өмүрүң,
Узун жашты сурайын.
Ден-соолукта болсоң деп,
Кудайдан тилек кылайын.

Жанында дайым турайын,
Орундалсын тилегин.
Оорубасын жүрөгүң,
Ошол күн майрам экенин билемин.

Дайыма сезип билейин,
Жакшы көрөм эмнеге.
Жан эркем сагындым,
Бактыма менин табылдың.

Жашоонун татаал кезинде,
Өзүмө өзүң кабылдың.
Сүйкүмдүү экен мүнөзүң,
Билмексен болуп жүрөсүң.
Ысыкка муздак суу сеппе,
Түшүнсөн аны билесиң.

УНУТА АЛБАЙМ ӨЗҮҢДҮ

Кусадар болуп сезимге,
Бир болгон күндөр эсимде.
Өткөргөн ошол убакыт,
Түбөлүк калат эсимде.

Сүйгөндөн сага кабылдым,
Кезикчи күндү сагындым.
Ортодо болуп бузуку,
Кабылбас ишке кабылдым.

Дегеле албай сагыныч,
Болбосо экен таарыныч.
Жашоонун жолун түшүнсөк,
Ортодо болбос кагылыш.

Өчүрөм десен өчпөгөн,
Турмушта болсо жанылыш.
Келтирбе ага таарыныч,
Сезимдин күчүн сезели,
Жашоодон алып сагыныч.

УЗУН БОЛСУН ӨМҮРҮҢ

Узун жашты сурайын,
Ден-соолукта бол ылайым.
Туулган күнүң белгилеп,
Жанында дайым турайын.

Орундалсын тилегиң,
Оорубасын жүрөгүң.
Ошол күн майрам экенин,
Дайыма сезип билейин.

ЖАКШЫ КӨРӨМ ЭМНЕГЕ

Түбөлүк калдың эсимде,
Жалын от салып сезимге.
Оюмдан такыр чыкпайсың,
Таң эрте, түштө, кечинде.

Жылмайып аста карайсың,
Сезимге отту күйгүзүп.
Жообунду айтчы жан эркем,
Сүйүндү мага билгизип.

Оюмдан такыр кетпеген,
Тескери мүнөз күтпөгүн,
Көңүлдөн такыр кетпегин,
Жаштык кезди эстегин.

ТЕЛЕФОН ЧАЛЧЫ

Кападар болгон кезимде,
Сагыныч салчы сезимге.
Түнкүсүн түштө көрүйүн,
Телефон чалчы кечинде.

Сагыныч мени сойдуңда,
Кетирген күнөөм мойнумда.
Кыйнабай сүйгөн адамды,
Ар дайым болчу жанымда.

Өзүнсүң менин ардагым,
Колунду келет кармагым.
Түбөлүк болсоң жанымда,
Болбостур менин арманым.

Көрүнүп калсаң жарк этип,
Күн чыккандай сезилет.
Жүрөктүн отун күйгүзгөн,
Карекке карек кезигет.

КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Көл жээгинде зеригип,
Олтурам жалгыз эригип.
Оюмда жалгыз сиз болуп,
Калыпмын сизге берилип.

Жашайсың менин канымда,
Дайым болчу жанымда.
Өзүңө арнайм өзүмдү,
Бөлөктү жаным сагынба.

Көлгө түшсөм чөмүлүп,
Турасын көлдөн көрүнүп.
Тагдырдын жолу татаал жол,
Калбаса экен бөлүнүп.

Көрүнүп калса экен деп,
Караймын жолду элеңдеп.
Сезимдин ысык отуна,
Өзүмдү коём белендеп.

Өртөнүп менин жүрөгүм,
Өзүңдү күтүп жүрөмүн.
Биле албай жүрөм оюңду,
Айтчы сен кайдан билемин?

Ден-соолук турса бузулбай,
Он сегиз жаштын тушундай.
Түбөлүк болсо сеники,
Жүрөктө сезим бузулбай.

Унутпа жаным сезимди,
Кайгыга салба өзүмдү.
Жаштык кезди сагынып,
Өрт болуп күйөөр кезимде.

Жарадар кылып жүрөктү,
Кылыгың мени жүдөттү.
Ойлорго салып сезимди,
Уйкусуз далай түн өттү.

БИРӨӨГӨ

Арадан өтсө бир топ күн,
Сагынат менин жүрөгүм.
Сагынып сени көрө албай,
Кайгыдан ооруйт жүрөгүм.

Канаттуу учат жем издеп,
Геолоктор жүрөт кен издеп.
Жашоонун жолу сүйүү деп,
Мен жүрөм дайым сени издеп.

Жем издеп чыккан куш болуп,
Калсам дейм сага туш болуп.
Боз улан кезде өзүнө,
Көрүнсөм улам кыз болуп.

Сезимдин тартып желесин,
Оюма дайым келесиң.
Жүрөгүм сени сагынып,
Жашоого кубат бересин.

ЭГЕР БИЛСЕҢ

Сезим отун өзүндөн издеп келем,
Атыңызды айта албай сиз деп келем.
Көрбөй калса сагыныч куса кылып,
Ал сүйүмдү өзүмө түздөп келем.

Кезиккенде карай албай көзүңдү,
Башкара албай калчу боломун өзүмдү.
Ал анткени бир өзүнө арнагам,
Жүрөктөгү оюмдагы сезимди.

Улгайдың деп тайсалдаба агайым,
Улгайсанда кайрат берет караның.
Карааныңа каниет кылып жүрөмүн,
Узак жашоо берсе экен деп кудайым.



КАТТАРЫҢ ЖҮРӨК ЖАРАЛАП

Дайыма жанда элесиң,
Көңүлгө кубат бересин.
Сагынам сени саат сайын,
Айтсаңчы качан келесиң.

Сезимдин отун каралап,
Ортого душман аралап.
Ар түрдүү ушак таратса,
Кобогонун жүрөк жаралап.

Жаш кезек өтөт майышып,
Карылык келет кайышып.
Өткөндү жаштык эстетсе,
Эт жүрөк кетет сайышып.

Айланайын жымындаган көзүңдөн,
Күтүп турам сезим отун өзүңдөн.
Кубат алам бул жашоодо түбөлүк,
Сени гана сүйөм деген сөзүңдөн.

ИШЕНСЕМ СЕНИН СӨЗҮҢӨ

Элестетем дайым өзүңдү,
Эстеймин айткан сөзүңдү.
Түшүнбөй калсам кээ күнү,
Күнөөлөп жүрөм өзүмдү.

Чыныңды айтчы өзүмө,
Карачы менин көзүмө.
Өкүттө калып жүрбөйүн,
Ишенсең сенин сөзүңө.

Мен сени жакшы көрөмүн,
Алдыда эмне көрөмүн.
Жашоомдун калган мезгилин,
Өзүнө арнап беремин.

Оюмда турат элесиң,
Уктасам түшкө келесиң.
Таптымбы жүрөк ачкычын,
Аны сен качан бересиң.

Эсимде такыр кетпейсиң,
Сүйүүнүн отун сезбейсиң.
Ойлонуп жообун таппадым,
Айтчы сен кимди эстейсин.

ТУРМУШТУН ЖОЛУН АРАЛАЙ

Сезим ой болуп канымда,
Түшүнбө женил ой менен.
Женил ой аял санында,
Жүрөгүм сенин жанында.

Убакыт күндү дайындай,
Бир болуп жүрсөм ар дайым.
Жанаша өскөн кайындай,
Турмуштун жолун аралай.

Эч нерсеге карабай,
Жүрөлүчү жанашып.
Жаман ойду санабай,
Сезимдин отун аралай.

ЖАЛГАНДА

Турмуштун татаал сабында,
Болсом дейм сенин жанында.
Өтсө дейм далай убакыт,
Сүйүнүн оту канымда.

Уу жутуп жүргөн убагым,
Улгайып калды курагым.
Үлбүлдөп өчүп баратат,
Жашоодо болгон чырагым.

ЖАНЫМА КУБАТ БЕРЕСИҢ

Жаш кезек өзү жалында,
Күч кубат болот жанында.
Орунсуз болсо сүйгөнүн,
Жүрөктү салат жалынга.

Көтөрүп сүйүү желесин,
Оюма дайым келесиң.
Жүрөгүм сени сагынып,
Жашоого кубат бересиң.

Карайын сенин көзүңдү,
Айта албай ачык сөзүмдү.
Түшүнсөң экен ардагым,
Жүрөктө жүргөн сезимди.

Айта албай ичте сезимди,
Өрт болуп күйөөр сезимби.
Ичимде турат бук болуп,
Түшүндүм айткан сөзүмдү.

Жарадар кылбай жүрөктү,
Ачыгын айтып жүрсөңчү.
Ооруган жүрөк себебин,
Дарылоону билсенчи.

ӨТКӨНДҮ ЖАКШЫ ЭСТЕГЕН

Саналар жаман жетпеген,
Өткөндү жакшы эстеген.
Ал күндөр турат сезимде,
Убакыт өтсө өчпөгөн.

Жашоодо болсо жанылыш,
Кылбайлы ага тарыныч.
Турмуштун жолу өтсө да,
Жүрөктө калсын сагыныч.

Көрүнүп калса жарк этип,
Күн чыккандай сезилет.
Жүрөктүн отун күйгүзүп,
Каректен сүйүү кезигет.



ЖАЛГАНДА

Ай менен жылдыз асманда,
Көркөмү сонун караса.
Кубаныч алып ошондон,
Жашасак деймин жанаша.

Ырыңдын болуп сабында,
Болсом дейм сенин жанында.
Өтсө дейм далай убакыт,
Жашасын эркем канымда.

Ойлочу жаным өзүңдү,
Караймын сенин көзүңдү.
Өзүңдөн күтүп турчу элем,
Сүйөмүн деген сөзүңдү.



ӨМҮРДҮН ТАТААЛ КЫЗЫГЫ

Тайгак кечүү тар жолдон,
Тайгаланбай жүрөлү.
Аз жашообуз калганда,
Тактап өмүр сүрөлүк.

Гүлдөрдүн терип кызыгын,
Турмуштун көрүп кызыгын.
Жаркылдап өмүр сүрөлү,
Өмүрдүн көрүп кызыгын.

Жаркылдаган мүнөзүң,
Кубат берет жүрөккө.
Эсимден кетпей элесиң,
Жетемин качан тилекке.

Жашообуз калды кыр ашып,
Барамын сага сырдашып.
Сырымды толук айталбай,
Калбасак экен адашып.

КАЛБАСА ЭКЕН КӨҢҮЛҮҢ

Кыйналган менин убагым,
Кыялбай сени турамын.
Карыдым деп сени айтсам,
Жүрөгүм турат муңайып.

Жүрөккө жаман сөз айтсаң,
Жүрөгүм калат муңайып.
Унутайын десем да,
Ээ жа бербейт жүрөк багынып.

Мунайып турат көңүлүм,
Аз калды окшойт өмүрүм.
Канчалык жашоом калса да,
Калбаса экен көңүлүм.

Тоскоолдор болсо арада,
Сүйөмүн ага карабай.
Өмүрлөр өтөт барыбир,
Токто дегенге карабай.

Ойлонуп жүрөм алтыным,
Айталбай калды көп сырым.
Тилектеш болсо деп жүрөм,
Жүрөктөн чыккан чын сырым.

Жанымда турсаң жарк этип,
Күн чыккандай сезилет.
Жүрөктүн отун күйгүзүп,
Жашоонун көркү кезигет.

КААЛОО ЫРЛАРЫ

Достукту көрсөм элимден,
Сүйүнөм ага абдан.
Күлкүлүү шаттык кездерде,
Ойлонуп катуу сагынам.

ЫРЛАРЫМ

Калем сап алсам колума,
Ыр түшөт менин оюма.
Жараткан берсин жардамын,
Акындык ыйык жолума.

Кошкунуң эми жаштык кез,
Өтүптүр өмүр өтө тез.
Убагында байкабай,
Түшүндүм окшойт өтө кеч.

Карылык сага баралбай,
Жаштыкты жүрөм таналбай.
Кыйналып жүрөм жашоодо,
Өткөндү издеп таба албай.

ДЕПУТАТТКА

Өз жыргалын ойлогон,
Элди ойлоп койбогон.
Депутаттка өтөөрдө,
Жыргатам деп ойногон.

Күбөлүк алса колуна,
Убада кылды жолуна.
Айтылган сөздү аткарбайт,
Мандаты жүрөт колунда.

Эл жерди жүрөт аралай,
Убада сөзүн карабай.
Депутаттар бар экен,
Жүрөккө түшкөн жарадай.




СЫРЛАР

Айтайын ачык чынымды,
Бөлөккө айтпа сырымды.
Жашыруун сырды сактаса,
Карытат сырлар кылымды.

Гүл сунам сага эркелеп,
Келсенчи жаным эртелеп.
Келүүчү жолду караймын,
Убакыт өтсө эртелеп.

Турмуштун татаал жолдору,
Болоорун карабай.
Болсо да түрдү абалда,
Тура албайм сени сынабай.



АЙТЧЫ СЕН КАЧАН КЕЛЕСИҢ

Сагынып сени дайыма,
Көңүлгө келет элесиң.
Сөзүм, оюм таратып,
Сүйүңдү айтып бересиң.

Дайыма жанда элесиң,
Көңүлгө кубат бересин.
Боломун сага сарсанаа,
Айтсаңчы качан келесиң.

Элестеп дайым өзүңдү,
Эстеймин айткан сөзүңдү.
Тушунбой калсан кээ күнү,
Күнөөлүү кылам өзүңдү.



ВРАЧ ШАКИРОВАга

Кармаш кылып оору деген жарага,
Себепчисиң жашоо өлүм арага.
Ар ишиңде алкыш алып элиңден,
Бактылуу бол Курманжан садага.

Кыйналып жаным турганда,
Ишеним айткан сөзүңө.
Ийгилик колдоп жүрсүн деп,
Бакытты каалайм өзүңө.

Элиңе иштеп жатасың,
Элиңдин алып батасын.
Билбегин кызым жашоодо,
Турмуштун катаал катасын.



УБАДА БЕРДИМ ӨЗҮМӨ

Караймын сенин көзүнө,
Туурасын айтчы өзүмө.
Өкүттө калып жүрбөйүн,
Ишенем сенин өзүнө.

Алдыдан эмне көрөмүн,
Сөзүңө толук көнөмүн.
Жашоонун калган мезгилин,
Өзүнө арнап беремин..

Оюмда турат элесиң,
Уктасам түшүмө киресиң.
Тартуулап жүрөм өзүңө,
Сезимдин татаал желесин.

САГА

Сезим от жанат канымда,
Турамын сенин жаныңда.
Ойлобо женил ой менен,
Жүрөктү салба жалынга.

Кармасам сенин колуңду,
Ынгайсыз сезем өзүмдү.
Жүрөккө жүрөк жанашып,
Өрттөнүп күйөр кезимби.

Убакыт ылдый агылат,
Жүрөгүм күйүп сагынат.
Ортодо сөздөр болгон соң,
Сезимге жүрөк багынат.

Караймын сенин көзүңдү,
Айта албайм ачык сөзүмдү.
Түшүнсөк экен ардагым,
Жүрөктө жүргөн сезимди.

МЕКЕН ЖӨНҮНДӨ

Ата журт ыйык билемин,
Ардактап сүйүп келемин.
Элимде тынчтык болсун деп,
Ошону тилей беремин.

КУБАТ АЛАМ СӨЗҮНДӨН

Кумар алам жымындаган көзүндөн,
Күтүп турам сезим отун өзүндөн.
Билгизип кой, капа кылбай жүрөктү,
Кубат алам сүйөм деген сөзүндөн.

Ала Тоодой жөлөк көрөм өзүндү,
Сагынамын тамашалуу сөзүндү.
Жүрөгүм өмүр бою сакталуу,
Сага арнадым жүрөгүмдү өзүмдү.

БИР АГАЙЫМ

Түшүнсөңүз сизге деген сезимди,
Бааласаңыз орто курак кезимди.
Келе десең аябастан макул деп,
Берет элем сүйүмдү да, өзүмдү.

Сүйүнү ойлоп тыбырчылайт жүрөгүм,
Сүйүү чынбы аны кантип билемин.
Бирде ысып, бирде күйүп келемин,
Мас өңдөнүп теңселгенсип жүрөмүн.

Көрбөй калсам куса болуп сагынам,
Аба жетпей, демим кысып тумчугам.
Күлүп койсоң жүрөгүмдү кубантып,
Кезикчи деп жүрөгүмдөн кубанам.

МЕКЕН ЖӨНҮНДӨ

Ата журт ыйык билемин,
Ардактап сүйүп келемин.
Элимде тынчтык болсун деп,
Ошону тилей беремин.

КУБАТ АЛАМ СӨЗҮНДӨН

Кумар алам жымындаган көзүндөн,
Күтүп турам сезим отун өзүндөн.
Билгизип кой, капа кылбай жүрөктү,
Кубат алам сүйөм деген сөзүндөн.

Ала Тоодой жөлөк көрөм өзүңдү,
Сагынамын тамашалуу сөзүңдү.
Жүрөгүм өмүр бою сакталуу,
Сага арнадым жүрөгүмдү өзүмдү.

БИР АГАЙЫМ

Түшүнсөңүз сизге деген сезимди,
Бааласаңыз орто курак кезимди.
Келе десең аябастан макул деп,
Берет элем сүйүмдү да, өзүмдү.

Сүйүнү ойлоп тыбырчылайт жүрөгүм,
Сүйүү чынбы аны кантип билемин.
Бирде ысып, бирде күйүп келемин,
Мас өңдөнүп теңселгенсип жүрөмүн.

Көрбөй калсам куса болуп сагынам,
Аба жетпей, демим кысып тумчугам.
Күлүп койсоң жүрөгүмдү кубантып,
Кезикчи деп жүрөгүмдөн кубанам.

КАРЫЛЫК ДЕГЕН

Карылык деген мезгилди,
Убакыт жетип алганда.
Ыймандуу болуп балдарым,
Сыйласа экен карыганда.

Улгайып жашым калганда,
Жетимиш жашка барганда.
Балдардан чекин сөз угуп,
Калбаса экен арманда.

ТЕҢИРГЕ КЫЛАМ ӨТҮНҮЧ

Турмуш жол менен арбашып,
Жашадым далай кыр ашып.
Жашоонун жолун кеңешип,
Барамын кимге сырдашып.

Карылык жаштык кармашып,
Улуулук келди жармашып.
Жашоонун жолу алыс деп,
Жүрөгүм турат кармашып.

Жаштыгын кетсе алыстан,
Мезгилге кылаам өтүнүч.
Токсондон ашык жаш бер деп.
Теңирге кылам өтүнүч.

САГЫНАМ КЕЛЧҮ КҮНҮМДҮ

Тескери жолго камынып,
Калбасам экен жаңылып.
Жашоонун таттуу күндөрүн,
Дайыма турам сагынып.

Турмуштун ойлоп сырларын,
Уктабай кээде таң атам.
Ойлонгон ойго жете албай,
Убайга батып баратам.

Телефон чалсам албайсың,
Сүйкүмүн менен арбайсың.
Түшүнбой жанды кыйнаган,
Айтсаңчы агай кайдасың.

Китебиң алсам колума,
Сезим ой түшөт оюма.
Сезимдин отун жандырып,
Кезикчи жаным жолума.

ООРУБАЧЫ АЛТЫНЫМ

Узун болсун өмүрүң,
Чокпосо экен көңүлүн.
Сени көрүп мен жүрсөм,
Ачык бир болот көңүлүм.

Улгайуу жашты аралап,
Эч нерсеге карабай.
Жүрөлүчү жанашып,
Жаман ойду санабай.

Тоодон булак агылганда,
Томсоруп турам сагынганда.
Жүрөктү жүрчү оорутпай,
Жүрсөң боло жанымда.

Санада жүргөн убагым,
Улгайып калды курагым.
Кыйнаба мени анчейин,
Ушуну келди сурагым.

Караймын сенин көзүңдү,
Айталбай ачык сөзүмдү.
Түшүнсөн экен ардагым,
Жүрөктө жүргөн сезимди.

ЖҮРӨКТӨ БОЛСО САГЫНЫЧ

Убакыт жаман жетпеген,
Өткөндү жакшы эстеген.
Ал күндөр турат эсимде,
Убакыт өтсө өчпөгөн.

Турмушта болсо жанылыш,
Келтирбе ага тарыныч.
Сезимдин күчүн сезели,
Жүрөкө салган сагыныч.



КАРЫТАТ СЫРЛАР КЫЛЫМДЫ

Мен үчүн бийик салмагың,
Өзүңсүн менин ардагым.
Ашыкпас сөздөн пайда жок,
Түшүнгүн эми калганын.

Айтайын анык чынымды,
Бөлөккө айтпа сырымды.
Жашыруун сырды сактаса,
Карытат сырлар кылымды.

Жүрсөм дейм сенин жанында,
Сүйүүгө кылып камылга.
Өзүмчө жалгыз болсом дейм,
Көптөрдүн болбой санында.

Күндө күтсөм күндө жок,
Айда күтсөм айда жок.
Бир сүйүүнүн айынан,
Жүрөккө толду жалын чок.

ӨЗҮҢСҮҢ МЕНИН АРДАГЫМ

Көргүм келет өзүңдү,
Укқум келет сөзүңдү.
Каниет кылып жүрөмүн,
Сүйөмүн деген сөзүңдү.

Улгайып калган убагым,
Убайым тарткан курагым.
Жүрөгүм сүйгөн агайым,
Унута албай турамын.

Көрбөй калсам сагынам,
Атыңды атап камыгам.
Узак өмүр жаш бер деп,
Кудайдан тилеп жалынам.

РУЧКА АЛЫП КОЛУМА

Далай ыр калды жазылбай,
Далай сыр калды ачылбай.
Өзүңө сүйүү арнадым,
Уялып элден катылбай.

Кара жанды кыйнабай,
Ойлосом экен эртерээк.
Жүрөктө болгон сезимди,
Айтайын кимге эркелеп.

Ручка алып колума,
Ыр жазып азыр олтурам.
Жүрөктөн чыккан ырымды,
Ак кагазга толтурам.

ТУУРА ТУТКУН БАЙЛЫКТЫ

Мен жыйнабай дүнүйөнү үйүмө,
Колдон келсе той беремин күнүгө.
Андан көрө ойноп күлүп алалы,
Кимдер жеткен дүнүйөнүн түбүнө.

Түркүк болуп жашабайбыз турмушта
Канат жазап учалбайбыз жылдызга.
Андан көрө ойноп күлүп алалы,
Адамзатта ансыз деле жаш кыска.

АЛ ГҮЛДҮ КИМГЕ БЕРЕСИҢ

Түшүмө дайым киресиң,
Гүл кармап алып жүрөсүң.
Ойлонуп дайым мен турам,
Ал гүлдү кимге бересиң.

Оюмдан такыр кетпейсиң,
Сүйүүнүн отун сезбейсиң.
Билмексен болуп ойлонуп,
Жүрөктү кыйнап эстейсиң.

Сезимди сенден албасам,
Сүйөмүн деп алдасаң.
Оюмду толук айтаармын,
Акылсыз болуп калбасам.

Оюмдун сезбей күнөөсүн.
Өзгөрүлүп мага мүнөзүң,
Башыңа келсе ушул иш.
Ошондо гана билесиң.

АТАМДЫ ЭСТЕП САГЫНАМ

Барайын десем айылга,
Атакем жок жанымда.
Көзүмдүн жашын чууртуп,
Турамын мүрзө жанында.

Атамды эстеп сагынам,
Сагынычтан камыгам.
Кудайга айтып дартымды,
Сабыр бер деп жалынам.

УНУТА АЛБАЙ ЖҮРӨМҮН

Көргүм келет өзүңдү,
Укkум келет сөзүңдү.
Унута албай жүрөмүн,
Сүйөмүн деген сөзүңдү.

Турмуштун катаал кезинде,
Жолуктун таттуу сезимге.
Кечирер кудай өзү деп,
Ойлонуп турдум кечинде.

Жүрдүк кепке жанашып,
Ойлонго ойлор ишке ашып.
Душмандар жүрөт арада,
Калбасак экен адашып.

Кайгырбайм ага мен деле,
Ойлорум такай сенде эле.
Жүрөгүм турат сайышып,
Сезимдин таттуу кезинде.

Улгайып калган убагым,
Ойлонуп дайым турамын.
Унутам сени кантип мен,
Коштошо албай турамын.

Улгайып калган убагым,
Убайым тарткан курагым.
Жүрөгүм сүйгөн адамды,
Унута албай турамын.

Сүйбөгөн менен жашасаң,
Жашоонун болот кордугу.
Сүйгөнүң менен бир болсоң.
Бакыттын ошол чоңдугу.

Арада болгон душманга,
Туруштук бере алambы.
Аз жашообуз калганда,
Таппай турам айламды.

Кеңеш берчи өзүмө,
Көнөйүн сенин сөзүңө.
Ортодо болгон сезимди,
Унутам кантип өзүңдү.

ЭР ЖИГИТТИН МИЛДЕТИ

Мекенди жүрүш ардактап,
Эр жигиттин милдети.
Ажоолор аны баалабай,
Көрүнгөнго тепсетти.

Шайлоо болот жакында,
Элди алдайт бат эле.
Козду ачалы эл журтум,
Алданабыз канчага.

АРМАН

Балапан кезде баш кошкон,
Коштошпой кеттин кантейин.
Кападар болгон кезимде,
Сүрөтүңдү карап эстеймин.

Жүрөккө толгон арманды,
Ырга айлантып күн өттү.
Канчалык ойлобоюн десем да,
Күйүтүм мени жүдөттү.

НЕБЕРЕГЕ

Турмуштун таттуу кызыгын,
Неберенин көрүп ысыгын.
Бактылуу сезип өзүмдү,
Балам карачу элем көзүңдү.

Караган сайын көзүңдү,
Кападар кылдың өзүмдү.
Ойлонуп дайым олтурам,
Капа кылган сөзүңдү.

Капа болот жүрөгүм,
Кайгыдан ооруп жүрөмүн.
Сабыр кылып өзүмө,
Арманда өмүр сүрөмүн.

Баланы берсем кудайым,
Ыйманын Алладан сурайын.
Ыйманы жок баладан,
Алыс кылгын ылайым.

Тилек кылып турайын,
Ыйманын берер кудайым.
Мен да карыйм кийин деп,
Ойлоноор ата-эненин кадырын.

ЭНЕНИН АРМАНЫ

Кыздуу болсом деп энелер,
Тилек кылат эмнеге?
Кыз чоңоюп алган соң,
Кыялын көрсөтөт энеге.

Кайрымдуу дүйнө чын болсо,
Көрсөтөөр кудай чындыкты.
Энеге көрсөткөн зулумду,
Баладан көрөсүң уктуңбу.

Айтпайт элем арманды,
Жүрөккө салдың жараны.
Ойлоноор бекен өзү деп,
Канчалык кылдым сабырды.


Сабырым кетип өзүмдөн,
Жаш агат менин көзүмдөн.
Ойлонуп көрчү алтыным,
Кантип кутуласын ак сүтүмдөн.

Эркелетип чоңойттум,
Жанга теңебей өзүмдү.
Бактылуу кыз болсо деп,
Карачу элем көзүңдү.

Актабадың эне тилегин,
Ак сүтүмдү эмгениң.
Карап көрчү артыңа,
Түшүнсөң эне эмгегин.

Сенде да бала бар,
Жүрөгүңдү жаралар.
Ойлоносуң ошондо,
Балдарың кылса кападар.

Сынбаган чырпык өңдөнүп,
Чыңаласын эмнеге.
Көрөрсүң сен да турмушта,
Көрсөткөн сыйды энеге.



УНУТУП КОЙБОЙЛУ

Жашоонун жолу татаал жол,
Ден соолукту ойлойлу.
Убакыт өтсө арадан,
Сезимди унутуп койбойлу.

Кезигебиз салкын кечте,
Улгайып калган кезде.
Ойлончу жаным жаштыкты,
Унутуп басып кетпе.

Айталбай ичте сырларды,
От болуп күйөр кезимби.
Ичимде турат бук болуп,
Ойлосом жаштык кезимди.

Сагынып жазгам ырыма,
Сырымды айтам чынында.
Капа болбой окуп кой,
Жүрөктөн чыккан арманда.

Жалын чыкпайт жалгандан,
Жүрөктө болгон армандан.
Айланып сага күнүгө,
Чыгалбай калдым жанынан.

БАЛАМ МАРАТКА

Тилек кылып турамын,
Жүрсөң экен жанымда.
Арабызда аман жүр,
Алладан мен суранам.

Балдарым менин тилегим,
Балам деп ооруйт жүрөгүм.
Тилегимди берсе деп,
Кудайдан тилеп жүрөмүн.

Өзүңдү дайым эстеймин,
Колумдан келбейт кантейин.
Жараткан өзү жардамчы,
Кудайдан ошону тилеймин.

Жаркылдап күлүп ырдагын,
Балдардан көрүп сыйларын.
Өмүрдүн көргүн жыргалын,
Кудайдан ошону сурайын.

СИНДИМ ЖАНЫЛГА

Эжемден калган бир туяк,
Караан тутам уялап.
Аман- эсен болсо деп,
Кудайдан тилейм ар убак.

Жарың менен бир болуп,
Турмуштун көргүн жыргалын.
Балдарың болуп жанында,
Жаркылдап дайым ырдагын.

Небере көрдүн экөөлөп,
Жүргүлө аны жетелеп.
Ал өссө экен эркелеп,
Ал жүрсө экен кийин сени жетелеп.



АЗАМАТ БОЛСОҢ

Эржигит болсоң эгерде,
Эмгекти сүйгүн жериге.
Атанын уулу дедиртип,
Эмгек кылгын элиңе.

Эмгегиң болуп кайраттуу,
Балдарың болуп уяттуу.
Эл жериңди сактасан,
Намысың болсун айбаттуу.

САГЫНУУ МЕНЕН КҮН ӨТТҮ

Сагынуу мени жүдөттү,
Убакыт санап күн өттү.
Ушунча мени декдеткен,
Сезимдер күчтүү күн өттү.

Ыр болду менин эрмегим,
Ырларга канат сермедим.
Ырлардай көрүп өзүңдү,
Уксам дедим сөзүңдү.

2018-ЖЫЛ 23-ФЕВРАЛЬ ЖООКЕРЛЕРГЕ

Жоокерлердин майрамы,
Аны кимдер курады.
Дайынсыз кетип аталар,
Жетим калды балдары.

Жерим, элим деп жүрүп,
Тууну сайды жерине.
Коргосун деп элдерин,
Белеке берди желегин.

Коргой албай желегин,
Сатып ийди жерлерин.
Анысы аз келгенсип,
Качып кетти эрлериң.

Тууну сайган аталар,
Түбөлүккө атыңар сакталар.
Арбагына таазим деп,
Балдарын жүрөт кападар.

СЕНИ АЛДАСА

Эр жигит сени алдаса,
Жүрөгүң сенин канаса.
Кандай болот абалың,
Көрөрмүн башка салганын.

Жакшы көрүү айынан,
Кечирдимго далайды.
Жүрөгүмдү ооруткан,
Көрбөпмүн мындай адамды.

Бейкапар жүргөнүмдө,
Кайгыны салдың жүрөгүмө.
Кудайым канча жаш берет,
Ден-соолугумду тилейм күнүнө.

Аз калган жашоону,
Жашайлычы ардактай.
Душмандар жүрөт арада,
Сезимдер калбасын талаада.

Өмүрүбүз канча калганын,
Байкагын анын ары жагын.
Коштошууга барсам деп,
Айталбай койдум ал жагын.

ЧЫН ЖУРОКТОН ЖАҢЫЛ СИНДИМЕ

Кут болсун элүү сегиз жаш–кутман курак
Куттуктайм тамгалардан курак курап!
Аман бол, уул-кызың, элиң менен
Турмуштун тетиктерин бекем бурап!

Жашыңдан чыйрак өстүн акыл эстүү
Жаз келип, артынан жай, күз, кыш өттү
Жайдары шартылдаган, өткүр мүнөз,
Жаш курак эстейсиңби - кайда кетти?

Көз ирмемче мезгил өтүп билинбей
Келиптирсиң элүү сегиз жаш куракка
Кайрат менен талбай эмгек өтөй бер
Карабастан саамайдагы бубакка!

Кут болсун кутман курак – элүү сегиз жаш.
Өткөрдүн нечен кыш, нечен жаз,
Кудайым чың ден соолук, өмүр берсин,
Дебестен ушул жашты көп же бир аз!

КҮН САЙЫН КҮТӨМ

Салкындап бассам кечинде,
Өткөн кез болот эсимде
Жал ооруп жалгыз олтурам,
Түгөйүм болуп эсимде.

Турмуштун жолу такалап,
Карылык келди жакалап.
Турмуштун таттуу мезгилин,
Канткенте кантип каталат.

Карыгым келбейт эртелеп,
Жүрөм дейм сага эркелеп.
Көрүүгө сени шашамын,
Күн сайын күтөм энтелеп.

ЧЫН ЖУРОКТОН ЖАҢЫЛ СИНДИМЕ

Кут болсун элүү сегиз жаш–кутман курак
Куттуктайм тамгалардан курак курап!
Аман бол, уул-кызың, элиң менен
Турмуштун тетиктерин бекем бурап!

Жашыңдан чыйрак өстүн акыл эстүү
Жаз келип, артынан жай, күз, кыш өттү
Жайдары шартылдаган, өткүр мүнөз,
Жаш курак эстейсиңби - кайда кетти?

Көз ирмемче мезгил өтүп билинбей
Келиптирсиң элүү сегиз жаш куракка
Кайрат менен талбай эмгек өтөй бер
Карабастан саамайдагы бубакка!

Кут болсун кутман курак – элүү сегиз жаш.
Өткөрдүн нечен кыш, нечен жаз,
Кудайым чың ден соолук, өмүр берсин,
Дебестен ушул жашты көп же бир аз!

КҮН САЙЫН КҮТӨМ

Салкындап бассам кечинде,
Өткөн кез болот эсимде
Жал ооруп жалгыз олтурам,
Түгөйүм болуп эсимде.

Турмуштун жолу такалап,
Карылык келди жакалап.
Турмуштун таттуу мезгилин,
Канткенте кантип каталат.

Карыгым келбейт эртелеп,
Жүрөм дейм сага эркелеп.
Көрүүгө сени шашамын,
Күн сайын күтөм энтелеп.

АРБАГЫҢА ТААЗИМ

Өмүрлүк жарым кайдасын,
Кол жетпейт мүмкүн айдасын.
Түбөлүк бирге боломун,
Табалбай койдук айласын.

Мүнөзүңдү сагындым,
Тиякка чыкпас чалындың.
Табалбай сени жанымдан,
Сүрөтүңө жалындым.

Эстеймин кара мүнөттү,
Өзүңсүз далай күн өттү.
Сагынган күндө өзүңдү,
Караймын түшкөн сүрөттү.

АРНОО

Узун болсун өмүрүң
Ачык болсун көңүлүң
Жашоодо болсун таптаза
Суусундай кыргыз көлүңдүн
Арнаймын сага өмүрүм

Иштегин жаным талыкпай
Түгөнгүз жашоо азыктай
Күлүп турсаң жанымда
Асманда алтын казыктай

Өмүрүң суудай узарып
Көңүлүң турсун тазарып
Жашоодо болгон өмүрүң
Гүл ачып турсун жашарып

АЛДАДЫҢ

Алдап турса ардагың
Кыйнап турса балдарың
Жашоонун эмне кызыгы
Жакшы го өлүп калганың

Жакшы көрөм деп алдадың
Башканын колун кармадың

АРБАГЫҢА ТААЗИМ

Өмүрлүк жарым кайдасын,
Кол жетпейт мүмкүн айдасын.
Түбөлүк бирге боломун,
Табалбай койдук айласын.

Мүнөзүңдү сагындым,
Тиякка чыкпас чалындың.
Табалбай сени жанымдан,
Сүрөтүңө жалындым.

Эстеймин кара мүнөттү,
Өзүңсүз далай күн өттү.
Сагынган күндө өзүңдү,
Караймын түшкөн сүрөттү.

АРНОО

Узун болсун өмүрүң
Ачык болсун көңүлүң
Жашоодо болсун таптаза
Суусундай кыргыз көлүңдүн
Арнаймын сага өмүрүм

Иштегин жаным талыкпай
Түгөнгүз жашоо азыктай
Күлүп турсаң жанымда
Асманда алтын казыктай

Өмүрүң суудай узарып
Көңүлүң турсун тазарып
Жашоодо болгон өмүрүң
Гүл ачып турсун жашарып

АЛДАДЫҢ

Алдап турса ардагың
Кыйнап турса балдарың
Жашоонун эмне кызыгы
Жакшы го өлүп калганың

Жакшы көрөм деп алдадың
Башканын колун кармадың

Ошону көрүп олтуруп
Кандай болот абалым

Сагынуу мени жүдөттүң
Убакыт санап күн өттү
Ушунча мени саматкан
Сезимдер күчтүү күн өттү

Ыр жазуу менин эрмегим
Ырларга канат сермедим
Ырыма кошуп өзүшдү
Жүрөккө сактайм өзүңдү


БАЛАЛЫК

Аккан сууну мен бойлоп
Жүрчү элем мен ойноп
Балалык күндү эстесем
Жүрөгүм турат ой ойлоп

АТА- ЭНЕ

Балалык кезиң эң сонун
Ошону балам ойлонгун
Ата-энеңдин эмгегин
Ойлобой сен койбогун

Ойлосом ата-энемди
Жүрөгүм кетет сайышып
Азыр жок менин жанымда
Айланып турат менин канымда



БАЛДАРГА АЙТААР СӨЗҮМ

Карып калган кезимде
Белден алат турбайбы
Балдарың салып кейишке
Жерге берет турбайбы

Жерге берген кезиңде,
Ата-энең болсун эсиңде.
Кудайым узун жаш берсе,
Келээрсиң ошондо эсиңе.

Кейишке салса балдарың,
Ойлоноор бекенсиң ар жагын.
Ойлоноорсуң ошондо,
Ата-энеңдин ичине кеткен арманын.

Турмуш өзү көп кырдуу,
Сынайт экен түрдүчө.
Сынакка болсоң туруктуу,
Кечирээр кудай өлгөнчө.

ТИЛЕК КЫЛАМ

Өмүрдүн кыска экенин,
Байкаган эмес экенмин.
Аз калган жашоомду,
Бактылуу жашар бекенмин.

Кудайым берсе тилекти,
Аткарылаар тилегим.
Унутпастыр кудайым,
Бактылуу карылык берерин.

Картайып бара жатабыз,
Кыйналып кырды ашабыз.
Кыянат кетсек жалгандан,
Арманды ташка жазабыз.

Кыярып калган кезимде,
Түшүндүм түрдү сезимге.
Убайым тартсам канчалык,
Унутпайм жаштык кезимди.

Күтчү элем сени кечинде,
Көрөнбөй калса каранын.
Жаштык кезди эске алып,
Капалуу болчу абалым.

Муңайып турат курагым,
Аз калды окшойт өмүрүм.
Канчалык жашоом калса да,
Унутпай сени турамын.

Тоскоолдор болсо арада,
Чын сүйсөм ага карабай.
Оюмда болот баары бир,
Сезимдер болсун арада,

Ойлонуп көрчү алтыным,
Айтылбай калды көп сырым.
Тилектеш болсом деп жүрөм,
Жүрөктөн чыккан чын сырым.

Дайым сени эстеймин,
Жанымда жоксуң кантейин.
Ар дайым сени унутпай,
Арманда жүрүп кетпейин.

Эскерчи таттуу сезимди,
Унутар сенин кезиңби.
Эстеп жүрчү алтыным,
Өткөргөн жаштык кезимде.

Картайып барат өмүрүм,
Сен деп согот жүрөгүм.
Канчалык тоскоол болсо да,
Унутпай сени жүрөмүн.

ЖОЛДОШУМА

Тоодо турат коргонуң,
Тоого чыгам толгонуп.
Жанында турсам муңайып,
Койбодуң сен ойгонуп.

Жалооруп турдум жанында,
Куран окутуп бардым да.
Арманымды айтсам укпадың,
Унчукпай жатып уктадың.

Ыйманың болсун жанында,
Жарык болсун кабырың.
Колумдан келбейт кантейин,
Эсимден такыр кетпейсиң.

ЖАЛГЫЗДЫК

Жымындайт жылдыз асманда,
Жалдырап жалгыз жатканда.
Ыр жазып жалгыз олтурам,
Сен жоксуң менин жанымда.

Жаман тура жалгыздык,
Жаздыкка жашты агызып.
Жанымда болсоң болбойбу,
Жаныма жаным гүл азык.

Күгүмдөп баткан таң белең.
Жүрөктөй толгон муң элең,
Жүрөгүм турат жалооруп.
Ар дайым сени эстесем,

Кошкун эми жан эркем.
Коштошпой кеттим мен кантем,
Кыялынды мен эстеп.
Арманда жүрүп мен кетем.

Караан тутуп өзүңдү
Жүрөккө жакын жан элең
Арманды укчу киши жок
Ажырап калдым мен сенден

Ыр жазкым келет эмнеге,
Сен келесиң эсиме.
Ыр сабына кошоюн,
Сенсиң дайым эсимде.

Тунжурап калдым эмнеге,
Түбөлүк кеттиң сен деле.
Карааныңды издеп мен таппайм,
Капалуу жатып мен уктайм.

ЫЙМАНСЫЗ БАЛА

Эне кадырын билбеген,
Энесин сөгүп тилдеген.
Ыйманы жок баланы,
Тилебегин пендеден.

Көрөт эне баардыгын,
Кыялын көрүп баланын.
Айтасың кимге арманды,
Көрөсүң башка салганды.

Балам деп эне талпынат,
Бала үчүн көрүп камкордук.
Балаң чоңоюп алган соң,
Барктабайт анын баарысын.

ЖАЛГЫЗДЫК

Жымындайт жылдыз асманда,
Жалдырап жалгыз жатканда.
Ыр жазып жалгыз олтурам,
Сен жоксуң менин жанымда.

Жаман тура жалгыздык,
Жаздыкка жашты агызып.
Жанымда болсоң болбойбу,
Жаныма жаным гүл азык.

Күгүмдөп баткан таң белең.
Жүрөктөй толгон муң элең,
Жүрөгүм турат жалооруп.
Ар дайым сени эстесем,

Кошкун эми жан эркем.
Коштошпой кеттим мен кантем,
Кыялыңды мен эстеп.
Арманда жүрүп мен кетем.

Караан тутуп өзүңдү
Жүрөккө жакын жан элең
Арманды укчу киши жок
Ажырап калдым мен сенден

Ыр жазкым келет эмнеге,
Сен келесиң эсиме.
Ыр сабына кошоюн,
Сенсиң дайым эсимде.

Тунжурап калдым эмнеге,
Түбөлүк кеттиң сен деле.
Караанынды издеп мен таппайм,
Капалуу жатып мен уктайм.

ЫЙМАНСЫЗ БАЛА

Эне кадырын билбеген,
Энесин сөгүп тилдеген.
Ыйманы жок баланы,
Тилебегин пендеден.

Көрөт эне баардыгын,
Кыялын көрүп баланын.
Айтасың кимге арманды,
Көрөсүң башка салганды.

Балам деп эне талпынат,
Бала үчүн көрүп камкордук.
Балаң чоңоюп алган соң,
Барктабайт анын баарысын.

АРМАНДЫ КИМГЕ АЙТАСЫҢ

Кетип калдың кабарың жок
Эртели кечпи бушайманмын
Жайнап турган көздөрүң жок
Сени самап кусадармын

Адам деген кызык пенде
Жүргөнүңдө күлүп жайнап
Назик мүнөз бар сенде
Караныңа үмүт байлап.

ӨМҮР КЫСКА

Кызарып өсөт гүлбакча
Кыярат өмүр бир паста
Кыяртпай ойноп күлөлү
Түгөнгүр өмүр эң кыска

Жапжашыл болгон гүлбакча
Жайнайт өмүр бир паста
Жаадырап ойноп күлгүлө
Жаш өмүр өтөт бир паста

Кыялкеч болуп жүрөлү
Кыйналбай өмүр сүрөлү
Небереңди жетелеп
Гүлбакчада жүрөлү

Бактылуу өмүр сүрөлү
Жаадырап жайнап күлөлү
Ооматы жок дүйнөдө
Ойноп өмүр сүрөдү

ЖАШТАГЫМДЫ МЕН ЭСТЕЙМ

Бул жашоодо жаштыгымды мен эстей
Белдер ооруп көздөр турат ириңдей
Күзгүдөн карап өзүмдү
Өмүр өттү билинбей

Ойлономун жаш чагымды бир кезде
Кайрылып жаштыгың бир келсе
Ата канат тактап өмүр сүрбөйт белек
Жолдошум менен гүлбакчада жүрбөйт белек

ЖАЛГАН ТУРА БУЛ ДҮЙНӨ

Жанымда жолдошум болгондо
Бактылуу өмүр сүрбөйт белем
Неберемди жетелеп
Гүлбакчамда жүрбөйт белем

Жалган тура бул дүйнө
Армандуу келем үйүмө
Жалдырап жалгыз отуруп
Ыр жазамын күнүгө

Ырымдын болуп сабында
Ыр жазам сени сагынганда
Арманымды канча айтсам да
Сен жоксуң менин жанымда

КАРАЧУ ЭЛЕМ КӨЗҮҢДҮ

Сагынып сени жүрөмүн
Арманда өмүр сүрөмүн
Тунжурап эшике чыкканда
Эркелеп кимге күлөмүн

Капалуу өмүр сүрөмүн
Кайгыдан ооруп жүрөмүн
Канчалык кылсам сабырды
Жүрөгүм сени сагынды

Убакыт өтөт билинбей
Жүрөгүм турат секиндей
Ыр жазып үйдө олтурам
Кантемин сени эстебей

Капалуу кылбай өзүмдү
Карачу элем көзүңдү
Жакшы көрөм деген сөздү эстеп
Унутам кантип өзүңдү

ТАБИЙГАТТАН ЫР СУРАП

Жар боорунан аккан булак
Жалоруп турам ыр сурап
Ыр жазбай калсам өзүмчө
Жүрөгүм ооруйт миң бурап

Мен кудайга жалынам
Жүрөгүмдөн ыр курап
Табийгаттан татаал жолунан
Мен турамын ыр сурап.

ЖҮРӨГҮМДҮ АРМАНГА ТОЛТУРУП

Бул ырды окуган адамдар
Келесо болгон го деп жарандар
Ойлосоңор өзүңөр
Жүрөктө толгон жара бар .

Кичинемде жетим калып энеден
Көрүнгөн адамга тенилгем
Турмуштун көрүп катаалын
Арманды баштасам эмнеден .

Турмушка чыктым бой жетип
Турмуш куруу оңойбу?
Өзүмө окшоп түгөйүм

Жетим экен ошону ойлойлу.
Эки жетим биригип
Турмуш жолун ойлодук
Балдарды чоңойтуп
Жыргайбыз го деп ойлодук.

Балдарыбыз чоңойду
Алар ата-энени ойлойбу?
Ойлобосо мейличи
Жүрөктү оорутпай койбойбу.

Элүү жыл жашап жетимдер
Жетелешер кезинде
Кудайдын болуп буйругу
Тизменин болдуң ичинде.

Ал жатып алды мемиреп
Мен жалгыздыктан жүрөк эзилет
Эстеп сенин өзүңдү
Жүрөгүм жаман зеригет.

Кеттиң сен алыстап
Кала бердим мен сыздап
Ортодо болгон тилектер
Ырга айланды сени издеп.

Бейишин берсе экен деп
Дуба кылып олтурам

Айламдын жогунан
Жүрөгүмдү арманга толтуруп.

Эстейм сенин өзүңдү
Капа болгон кезимде
Алтыным эмне болду деп
Сабырдуу бол деген сөзүңдү.

Таппадым сенин өзүңдү
Карачу элем көзүңдү
Жаткан жериң жай болсун
Бейиш бак болсун жолдошуң.

ЖҮРӨГҮМ ТУРАТ БУК БОЛУП

Арманымды айтпай ала жатпасам
Жүрөгүмө сүйүү отун катпасам
Арман толуп жүрөгүмө бук болуп
Тынч алалбайм түнкү уйкуда уктасам

Атыңды эстеп жүрөгүмө сактасам
Күйүт тартып карып болуп калбасам
Жүрөгүмө сактаганым сактаган
Ажал жетип өлүп калбасам

Аракет кылсам канчалык
Унутпай койдум өзүңдү
Алтыным деген сөздү эстеп
Издедим сенин өзүңдү.

ЭНЕМЕ АРНАЙМ

Туубасаң да туу тутуп баккан энем,
Көкүлүмө мончок таккан элең
Бир да күнү капа кылбастан
Ойлогон оюмду тапкан энем.

Ыраазымын энеси жок кыз кылган жоксун
Кийимиме кир жугузуп баккан жоксун
Эркелеп остүм кол алдыңда
Эмгегиңди актабадым ал мойнумда

Эне кадырын эне болгондо билет экен
Карысаң да эне керек экен
Жаш кезимде капар албай өзүңдү
Кантип алам ыраазычылык сөзүңдү



ЭЛ ЭМНЕ ДЕСЕ МЕЙЛИЧИ

Көгүчкөн багып таптасам
Жаныма такай кармасам
Учуруп ийип аны мен
Кушумду таппай калбасам

Армандуу болгон жүрөктү
Кылыгын мени жүдөттү
Унутпай такай өзүңдү
Арманда жүрүп күн өттү

Ойлоймун такай өзүңдү
Унутпай койдум сөзүңдү
Эл эмне десе мейличи
Жүрөгүмдө сактайм өзүңдү.

ТАППАЙ КАЛДЫМ

Кошкун эми жан эркем
Коштошпой кеттим мен кантем
Кыялыңды мен эстеп
Арманда жүрүп мен кетем

Караан тутуп өзүңдү
Жүрөккө жакын жан элең
Арманды укчу киши жок
Ажырап калдым мен сенден

Ыр жазкым келет эмнеге
Сен келесиң эсиме
Ыр сабына кошоюн
Сенсиң дайым эсимде

Тунжурап калдым эмнеге
Коштошпой кеттиң сен деле
Каранынды издеп мен таппайм
Капалуу жатып мен уктайм

ИНИМ БАКТЫБЕКке

Ажал жетип тооруса,
Алы жетпейт адамзат.
Кудайдын болсо буйругу,
Кача албайт тура адамзат.

Жаш кетип калдың арадан,
Кыйналып жүрөм санаадан.
Куран күткүн түбөлүк,
Артыңдан калган баладан.

Окшобойт экен өзүңө,
Эжекем келди деген сөзүңө,
Бектур калды артыңда,
Арбагың менен колдоп жүр
Тапшырдым сени өзүңө.

БАЛАМ МАРАТка

Амал кылсам канчалык,
Алдырып ийдим колумдан.
Күчтүү экен шум ажал,
Олтурам айла жогунан.

Кырчындай жаш кезиңде,
Элүү жаштын белинде.
Шашылыш ишиң бар беле,
Жашай турсаң эмне.

Балдарыңды чоңойтуп,
Чай иче турган мезгилде.
Арманды салдың жүрөккө,
Апаң карып калган кезинде.

Алып кала албадык ажалдан,
Тагдырдын жазганы ушул экен.
Боздоп калды артыңда,
Жандай көргөн жан эркең.

КҮЙӨӨ БАЛАМ ЗАМИРге

Токою тоосу кооз экен,
Тоолордо малы жайылган.
Чабандар жүрөт талаада,
Малынын амандыгын самаган.

Рахмат айтам чабанга,
Ыраазы болдум аларга.
Ден соолуктары чың болуп,
Жүрсө экен биздин арада.

Эмгегиң сенин талаада,
Эмгектен такыр тажаба.
Эмгектин көрүп үзүрүн,
Замир балдарың болсун жанында.



ДАМИР

Бактым эле 44 жашымда,
Азапка салдың 74 жашымда.
Балаң турат башыңда,
Сен да көрөөрсүң карып калган чагыңда.

Ыраазы болбой сага мен,
Арманда жүрүп өтөмбү.
Калпта болсо азыраак,
Ыраазы кылсаң боло өмүрдү.

ЗАМИРге 2021-жыл

Ардактап баккам өзүңдү,
Калтырдың сен көңүлдү.
Эрчип кеттиң аялды,
Атаң экөөбүздү караңгы кылдың өмүрдү.

Мейли дедик ага деле,
Андан кийин эмне кылдың.
Энем канча күйөөгө тийгенин
Айтпай койсоң эмне

Кыялың башка баладан,
Көңүл калаарына карабаган.
Өз кызыкчылыгыңды ойлойсуң,
Башкаларды киши деп санабаган.

Ким үчүн курдуң байлыкты,
Айланаңды карачы караңгы.
Ден соолукту ойлобой,
Кайсы балаңа курдуң байлыкты.

Бир туугандарды ойлобой,
Жүрөсүң сен ороңдой.
Байлык колдун кири,
Жүрөсүң аны ойлобой.

САМАРА

Эркелеп өзүң садага,
Абайлап кара апаңа.
Эркек бала аман болсун,
Карабайт экен апага.

Кыялың оор башкача,
Жүрөгүм ооруйт ага да.
Ойлонуп кетемин
Кыялыңды ойлосом аз гана.

ТААЛАЙга

Балам башкачасың баладан,
Ар бирибизди караган.
Капа кылбай баарысын,
Абайлап акырын караган.

Бактысыз болуп аялдан,
Аялды көзүн караган
Сабырды бол алтыным,
Бактыңды тилейм кудайдан.

ТУРАТка

Мүнөзүң оор башкача,
Окшоп кетет атаңа.
Бактыңды ачар кудайым,
Кудайдан ошону сурайын.

Эрегишпей балдарга,
Айтаар менин саламым.
Көрөм ал балаңды дегенге,
Башынды жерге салбагын.

Кудайдын жазгандарын,
Абайлап балам карагын.
Ач көз болбой турмушка,
Сабырдуулук менен карагын.

ӨТКӨН КҮНДӨР

Кыйналып жүргөн күнүмдө
Кыялдаш болдум бир күндө
Арманды укkан киши жок
Турмуштан жүрөм түңүлө

Жол карап күндөр зериге
Сен келесиң эсиме
Турмуштун жолу татаал деп
Айткан сөзүң эсимде

Каниет кылып сага мен
Жөлөк көргөм өзүңдү
Унутам кантип алтыным
Сабырдуу бол деген сөзүңдү

Турмушта мага жөлөк элең
Башыңды көтөр деп айтаар элең
Ал сөздүн азыр бирөө жок
Жүрөгүм боло жалын чок

Чок болгон менен айла жок
Башымды жөлөөр киши жок
Унута албай өзүңдү
Арманда жүрүп өтөмбү

Түшүмө кирип түнкүсүн
Кыйналып чыгам уктабай
Бейишин берсе экен деп
Куран окуйм унутпай

Армандуу кылып өзүңдү
Таштап кеттиң өзүмдү
Арманда калдым мен байкуш
Укпай бир ооз сөзүңдү

БАЛДАРЫМА

Балдарым аман болсун деп
Тилейт экен ата-эне
Атам-энем аман болсун деп
Тилебейт бала эмнеге

Карап турсам турмушта
Кабар жок болсо балаңдан
Сарсанаа болот ата-эне
Жолун карайт кайрадан

Сен да болосуң ата-эне
Балдарыңды түшүнөсүң сен деле
Балаң калса кабарсыз
Жүрөгүң сыздайт сен деле

НЕБЕРЕГЕ

Таттуу экен небере
Тамшандырат эмнеге
Канчалык мээрим төксөң да
Качат экен өз энеге

Эмгегиңди баалабай
Тозокко салат небере
Кайрымсыз болсо небере
Убайым тартат чоң эне

Чоң эне көргөн убайым
Сен да болоорсуң чоң ата
Неберең болсо кабатыр
Болоорсуң ошондо муңайым
Көрсөтөөр калганын кудайым

БАЛДАРЫМА АЙТААР СӨЗ

Балдардын көрүп камын
Карыйт экен ата-эне
Өлүп калса ата-энең
Талашасың мүлкүн эмнеге?

Макул алгын мүлкүнөн бирдеме
Ата-энеңди унутасың бир күндө
Өлгөн күнүн унутуп
Куран окутпайсың эмнеге

Баланы тилейт эмнеге
Артымда калган туяк деп
Өлүп калсам кокустан
Куран окутсаң болду уят деп.

КОШТОШПОЙ КЕТТИҢ ЭМНЕГЕ

Түбөлүк менин эсимде
Олтургам бирге кечинде
Узатып сени үйүнө
Коштошкон күнүм эсимде

Телефон чалсам таң эрте
Сурайын десем алыңды
Кызың алып телефон
Айрылдым атамдан деп бакырды

Таппай калдым айламды
Колумдан келбейт кантейин
Канчалык сыздап ыйласам
Шум ажал калыстык кылбады

Бир жыл өттү арадан
Үмүтүм үзүлбөйт кайрадан
Жол карап жүрөм элеңдеп
Сага айтараар сөздү белендеп

Көрүнбөдү карааның
Ручка алдым колума
Ыр жазып олтурам
Сен жоксуң менин жанымда

Ыр болду менин арманым
Кандай айла кылайын
Турмуштун жазганы ушул деп
Сабырдуулук кылайын

Таппай сенин өзүңдү
Карачы элем көзүңдү
Дайым турат эсимде
Акыл айткан сөзүңдү

Унутпай койдум өзүңдү
Сүйөмүн деген сөзүңдү
Ардактап такай жүрчү элем
Арманда жүрүп өтөмбү

ЗАМАНГА ТААРЫНУУ

Жакшы дейбиз заманды
Ооба жакшы, бирок элибиз караңгы
Качан кыргыз элимде
Кордочу эле кыздарды

Уксам бүткөн боюм дүркүрөйт
Ыйман кетип элимден
Оо замана кайда барабыз
Ыймансыз калды балдарыбыз

БӨЛӨК ЭКЕН

Келинди ыйманы жок деп айтпагыла
Ал күнөө өз балаңда
Тургун ата-энемди сыйла деп
Айтса болмок балаңда

Келин бирөөнүн баласы
Сыйлап аны карачы
Сыйлап аны карасаң
Кызыңдай болбойт анын бөлөк экен
санаасы

АРДАГЕРЛЕРГЕ

Тогузунчу май
Жүрөгүм ооруду ай
Арбагыңа таазим деп
Ташка сыйындык арман ай

Эстеп атамдын элесин
Жол карадык качан келесиң
Дагы эле үмүт үзбөй канчалык
Жетимиш төрт жыл жол карайт баласы

Элим жерим деп жүрүп
Ташка айланды элесиң
Күтүп жүрөт кыргыз эл
Арбагың дайым биз менен

ИЗДЕДИМ

Кызыл гүл терип талаадан
Аны кимге беремин
Көрдүңөрбү аны деп
Көпчүлүк элден сурадым

Сагындым жаным сагындым
Айласын кандай кыламын
Сен да мени сагынсаң
Ашыкпа жаныңа барамын

Балдарга айтаар саламың
Бүркөлбөсүн кабагың
Турмуштун көрдүм катаалын
Эми балдар абайлап мени карагын

Кудайым сенден сураарым
Ыйман бергин ылайым
Балдарым өсүп ыймандуу
Бактылуу карылык сурайын

Балдарга айтаар саламым
Башымды жерге салбагын
Кудайдан көпкө суранам
Ыймандуу болсун балдарым

Ата-энеңди сыйласаң
Сый көрөсүң баладан
Ата-энеңди сыйлабасаң
Каргышка каласың сен анан
Ошол баарынан эң жаман.

(Сүйүү, сулуулук жөнүндө)

Таарыныч деле эскирет,
Таарынычка баш ийбей,
кечиримдүү сүйүү гана
ырахатка жеткирет.

Жаманды жанынан кубала,
Жакшынын жашын сураба.

Сүйүүдөн ысык от болбойт,
жашоодо сүйүү жок болбойт.

Өмүрдүн гүлү жаштык,
ал кылат адамга аздык.

Көңүл бул ак барак,
ак баракты булгаш оңой,
аны кайра агартуу кыйын.

Сүйүү кадырын сүйгөн билет,
күйүт кадырын күйгөн билет.

Сүйүү кары жашка тең,
Жүрөк үчүн керектүү жем.

Сүйүү жүрөккө дары,
аны билет жаш жана кары.

(Убакытты баалоо)

Адам ашка тойсо да,
жашка тойбойт.

Асылкечиң, дос, адамдын жанына
кубат берет.

Өткөндү кийин баалайсың,
келишин кайра каалайсың.

Убакытты максатсыз пайдалануу,
өмүрдү кыскартуунун жолу.

Убакыттын жакшы өтүшүн каалоо керек,
өткөн ар бир күндү балоо керек.

Убакыт айланбайт да тегеренбейт
Убакытты ашык деп эч ким бербейт

(Жамандык, жакшылык жөнүндө)

Жакшынын калп кеби жок,
калп айтуунун эби жок.

Жалкоолукту токтот,
бирок ишти токтотпо.

Адамдын өңүнө карабай, ишине кара
Жалкоолук көңүлдөгү жара.

Иттин үргөнү башка
калпычынын жүргөнү башка

Жаманга жакшы тең эмес,
Жамандын пейли кең эмес.

Жакшы абийирди сактайт,
жаман үстүндөн аттайт.

Жакшылык жакшылыкка жарашат,
жамандык жакшылыктан адашат.

Жалкоо болдум дегиче,
жарыбай калдым дей бергин.

Эси жок кемчилигин сезбейт,
жалкоо максатына жетпейт.





Баймоңолова Субайылда
2017-жыл